Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) он ирекет намазын эстеп калдым

Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: "Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) он ирекет намазын эстеп калдым : бешимден мурда эки ирекет, бешимден кийин эки ирекет окуганын. Шамдан кийин үйүндө эки ирекет окуганын. Куптандан кийин да эки ирекет үйүндө окуганын. Дагы багымдат намазынан мурда эки ирекет окуганын. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жанына кирбей турган да убак бар болчу. Мага Хафса да минтип айткан: Азанчы азан чакырып, таң сүргөндө (пайгамбар) эки ирекет намаз окучу. Башка риваятта: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жума намазынан кийин эки ирекет намаз окур эле - деп келген.

[Сахих (ишенимдүү)] [Бардык айтымдарынын ишенимдүүлүгүнө макулдашылган]

Абдуллах бин Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эстеп калган, сунан раватиб деп аталган напил намаздар он ирекет экенин баяндайт. Эки ирекет бешимден мурда, эки ирекет андан кийин. Шамдан кийин үйүндө эки ирекет. Куптандан кийин үйүндө эки ирекет. Багымдаттан мурда эки ирекет. Ушуну менен он ирекет болду. Ал эми жума намазынан кийин эки ирекет окуган.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3062